Көк-Жаңгак шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга кирешелери жана 2027-2028 жылдарга долбоору **№1 тиркеме**

Элемент (8)	*Жергиликтуу бюджет* Киреше булактарынын аталышы	*2026-жыл*	*2027-жыл*	*2028-жыл*
1	2	3	4	5
	Жалпы кирешелер, трансферттер менен	**28343,0**	**31611,0**	**35184,0**
	Кирешелер+активдер ж/а милдеттенмелер (жерлерди сатуу)	**28 343,0**	**31 611,0**	**35 184,0**
1	**Кирешелер**	**28 343,0**	**31 611,0**	**35 184,0**
11	**Салыктык кирешелер**	**22 009,0**	**25 277,0**	**28 850,0**
11111100	Салык агенти төлөөчү киреше салыгы	20 552,0	23 820,0	27 393,0
11122200	Патенттин негизинде салык	50,0	50,0	50,0
11311100	Турак жайга же жайга мүлк салыгы	50,0	50,0	50,0
11311200	Турак жай эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы	100,0	100,0	100,0
11321100	Жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгы	824,0	824,0	824,0
11321200	Айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы			
11321300	Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы	425,0	425,0	425,0
11462130	Көмүр	8,0	8,0	8,0
14	**Салык эмес кирешелер**	**6 334,0**	**6 334,0**	**6 334,0**
14151200	Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым	200,0	200,0	200,0
14152100	Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы	640,0	640,0	640,0
14152600	Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин иштетүү үчүн ижара акысы	80,0	80,0	80,0
14211200	Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы	204,0	204,0	204,0
1423	***Атайын төлөмдөрдөн түшүүчү кирешелер***	***5 210,0***	***5 210,0***	***5 210,0***
13321100	Теңөөчү трансферттери	9 477,4	9 477,4	9 477,4
	Жалпысы	**37 820,4**	**41 088,4**	**44 661,4**
	а.и. Бюджеттик каражат	32 610,4	35 878,4	39 451,4
	Атайын каражат	5 210,0	5 210,0	5 210,0

Финансы министрлигинин Көк-Жаңгак
финансы башкармалыгынын начальниги: ***К.Маткаримов***

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
КӨК-ЖАҢГАК ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
КОК-ЖАНГАКСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Көк-Жаңгак шаардык кеңешинин эл депутаттарынын
IX чакырылышынын кезектеги XV сессиясы

ТОКТОМ 15/1

23.02.2026-жыл Көк-Жаңгак шаары

Көк-Жаңгак шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджетин жана 2027-2028ж.ж. болжолун (прогноз) бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102- беренесине ылайык Көк-Жаңгак шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолунун (прогноз) долбоорун шаардык кеңештин бюджет, финансы жана салык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 05.02.2026-жылдагы кеңешмесинде каралганы жөнүндө белгилеп, Көк-Жаңгак шаардык кенеши

ТОКТОМ кылат:

1.Көк-Жаңгак шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү 37820,4 миң (отуз жети миллион сегиз жүз жыйырма миң төрт жүз) сом, анын ичинен жергиликтүү кирешелер 28343,0 миң (жыйырма сегиз миллион үч жүз кырк үч миң) сом, тендөөчү грант 9477,4 миң (тогуз миллион төрт жүз жетимиш жети миң төрт жүз) сом, 2027-жылга болжолу 41088,4 миң (кырк бир миллион сексен сегиз миң төрт жүз) сом, анын ичинен жергиликтүү кирешелер 31611,0 миң (отуз бир миллион алты жүз он бир миң) сом, тендөөчү грант 9477,4 миң (тогуз миллион төрт жүз жетимиш жети миң төрт жүз) сом, 2028-жылга болжолу 44661,4 миң (кырк төрт миллион алты жүз алтымыш бир миң төрт жүз) сом, анын ичинен жергиликтүү кирешелер 35184,0 миң (отуз беш миллион бир жүз сексен төрт миң) сом, тендөөчү грант 9477,4 миң (тогуз миллион төрт жүз жетимиш жети миң төрт жүз) сом №1, 2 тиркемелеринин негизинде бекитилсин.

(Тиркеме № 1, 2 тиркелет)

2.Көк-Жаңгак шаарынын 2026-жылдагы жергиликтүү кирешелер 28343,0 миң (жыйырма сегиз миллион үч жүз кырк үч миң) сомго, анын ичинен атайын төлөмдөрдөн түшүүчү кирешелер 5210,0 миң (беш миллион эки жүз он миң) сом бекитилсин.

3.Республикалык бюджеттен түшүүчү 9477,4 миң (тогуз миллион төрт жүз жетимиш жети миң төрт жүз) сом тендөөчү грант бекитилсин.

4.Көк-Жаңгак шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына бюджеттик каражаттардын калдыгы 8053,3 миң (Сегиз миллион элүү үч миң уч жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

5.«Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнө карата 2% ченинде резервдик фонд 650,0 миң сом шаардын мэринин эсебине бекитилсин.

6. 2026-жылга бюджеттик каражаттардын чыгымдары 32610,4 миң (отуз эки миллион алты жүз он миң төрт жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
7. Көк-Жаңгак шаардык мэриясына жалпысынан 11716,3 миң (он бир миллион жети жүз он алты миң үч жүз) сом бекитилсин.
2721 - Калкка соц.жардам берүү боюнча жөлөк пул 846,4 миң (сегиз жүз кырк алты миң төрт жүз) сом бекитилсин.
8. Көк-Жаңгак шаардык кеңешке жалпысынан 1122,1 миң (бир миллион бир жүз жыйырма эки миң бир жүз) сом бекитилсин.
9. Көк-Жаңгак шаардык муниципалдык менчик департаментине жалпысынан 9420,1 миң (тогуз миллион төрт жүз жыйырма миң бир жүз) сом бекитилсин.
10. Шаардык маданият кызматына жалпысынан 4613,9 мин (төрт миллион алты жүз он үч миң тогуз жүз) сом бекитилсин анын ичинен:

- шаардык китепкана – 2802,3 миң сом;
- маданият үйү –1456,0 миң сом;
- аппарат маданият – 355,6 миң сом.

11.Көк-Жаңгак шаарынын билим берүү бөлүмүнө жалпысынан 4891,6 миң (төрт миллион сегиз жүз токсон бир миң алты жүз) сом бекитилсин анын ичинен:

- бала бакчаларга – 1851,5 миң сом;
- мектептерге - 2217,4 миң сом;
- балдар чыгармачылык борборуна – 285,6 миң сом;
- билим берүү аппаратына – 151,3 миң сом;
- борборлоштурулган бухгалтерия - 385,8 миң сом.

12. 2026-жылдын 01-январына калган 8053,3 (Сегиз миллион элүү үч миң үч жүз) сом калдыгынын эсебинен төмөнкү ишканаларга бөлүнүп берилсин:

- Шаардык муниципалдык менчик департаментине атайын техника жана башка жабдууларды сатып алуу үчүн – 6330,0 (алты миллион үч жүз отуз) миң сом;
- Шаардык мэрияга долбоорлорду иштеп чыгуу жана ошол долбоорлордун иш кагаздарын даярдоого – 1723,3 миң (бир милиион жети жүз жыйырма үч миң үч жүз) сом.

13.Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде ар кварталдык жана жылдык отчеттордун аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан жергиликтүү кеңештин кароосуна берилсин.

14. Токтомдун аткарылышы шаардын мэри жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Көк-Жаңгак башкармалыгынын жетекчисине милдеттендирилсин.

15.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Көк-Жаңгак шаардык кеңештин бюджет, финансы жана салык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана мыйзамдулук, укук коргоо, этика жана мамлекеттик кызмат жана арыз маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдетендирилсин.

16.Бул токтом расмий жарыяланып, 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Көк-Жаңгак шаардык
кеңештин төрагасы: **Б.М.Исмаилов**